## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИНИН

## 2026-2027-окуу жылына күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формаларындагы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу пландарын бекитүү жөнүндө БУЙРУГУ

**№1060/1, 28.07.2026**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 9-июлундагы №969/1 жана 10-июлундагы №973/1 буйруктары менен бекитилген 2026-2027-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарынын негизинде **буйрук кылам:**

**1.** 2026-2027-окуу жылына күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формаларындагы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу пландары 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бишкек шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү департаментинин, Ош шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилерине:

- жайгашкан жери боюнча тиешелүү жана таандык формаларына карабастан бардык күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдарынын 2026-2027-окуу жылына карата окуу пландары 2026-жылдын 1-сентябрына чейин макулдашуудан өткөрүлсүн жана алардын ишке ашырылышын контролдоо камсыздалсын;

- жайгашкан жери боюнча тиешелүү жана таандык формаларына карабастан бардык күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдарынын билим берүү ишкердигине уюштуруучулук-методикалык колдоо көрсөтүлсүн жана координациялоо иши жүргүзүлсүн.

- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 22-июлундагы №857/1 буйругун аткаруу максатында күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдары боюнча маалымат 2-тиркемеге ылайык даярдалып, 2026-жылдын 1-сентябрына чейин тапшырылсын.

**3.** Маалыматтык саясат бөлүмү (Н.К.Кийизбаевага), «Кут Билим» медиа борбору (К.Чекировго) ушул буйруктун расмий жарыяланышын камсыздашсын.

Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик билим берүү башкармалыгына (М.У.Музулмановго) жана Бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгына (Р.З.Садырбаевге) тапшырылсын.

**Министрдин орун басары**
**Н.С. ДЖУСУПБЕКОВА**

## ПРИКАЗ

## МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Об утверждении учебных планов для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения на 2026-2027 учебный год

**№1060/1, 28.07.2026**

На основании базисных учебных планов на 2026-2027 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, утвержденных приказами Министерства просвещения Кыргызской Республики от 9 июля 2026 года №969/1 и от 10 июля 2026 года №973/1, **приказываю:**

**1.** Утвердить учебные планы на 2026-2027 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения согласно приложению 1.

**2.** Руководителям Департамента образования при Мэрии города Бишкек, Управления образования при Мэрии города Ош и районных/городских отделов образования:

- провести согласование учебных планов на 2026-2027 учебный год всех общеобразовательных организаций с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения, соответствующих по месту расположения и независимо от их формы собственности, до 1 сентября 2026 года и обеспечить контроль за их реализацией;

- обеспечивать организационно-методическую поддержку и координацию образовательной деятельности всех общеобразовательных организаций с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения, соответствующих по месту расположения и независимо формы собственности.

- представить информации об общеобразовательных организациях Кыргызской Республики с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения согласно приложению 2 по исполнению приказа Министерства просвещения Кыргызской Республики от 22 июля 2025 года №857/1 в срок до 1 сентября 2026 г.

**3.** Отделу информационной политики (Н.К.Кийизбаевой), медиа центру «Кут Билим» (К.Чекирову) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

**4.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного образования (М.У.Музулманова) и Управление бюджетной политики и финансового анализа (Р.З.Садырбаева).

**Заместитель министра**
**Н.С. ДЖУСУПБЕКОВА**

**1-тиркеме**
**Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 28-июлундагы №1060/1 буйругу менен бекитилди**

### 2026-2027-окуу жылына күндүзгү-сырттан (кечки) окутуу формасындагы жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу планы (кыргыз тилинде окутуучу)

| Билим берүү чөйрөсү | Окуу предмети | Базистик вариант | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Филологиялык | Кыргыз тили | 3 | 2 | 2 | 2 | 3 |
| | Кыргыз адабияты | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| | Орус тили | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| | Орус адабияты | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| | Чет тили | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Социалдык | Тарых | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Адам жана коом | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | Диндердин өнүгүү тарыхы | 1 | 1 | 1 | | |
| Математикалык | Алгебра. Геометрия | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Табигый-илимий | Биология | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | География | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | Физика. Астрономия | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 |
| | Химия | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Искусство жана технология | Информатика | 2 | 2 | 1 | | |
| | Технология (эмгек, чийме жана дизайн) | | 1 | 1 | | |
| **Мамлекеттик компонент** | | **28** | **27** | **28** | **25** | **26** |
| **Эмгек практикасы (күндөр менен)** | | **7** | **10** | | **14** | |

### Учебный план на 2026-2027 учебный год общеобразовательной организации с очно-заочной (вечерней) формой обучения (русский язык обучения)

| Образовательная область | Учебный предмет | Базисный вариант | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Филологическая | Кыргызский язык | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| | Кыргызская литература | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | Русский язык | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Русская литература | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 |
| | Иностранный язык | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Социальная | История | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Человек и общество | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | История развития религий | 1 | 1 | 1 | | |
| Математическая | Алгебра. Геометрия | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Естественно-научная | Биология | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | География | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | Физика. Астрономия | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 |
| | Химия | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Искусство и технология | Информатика | 2 | 2 | 1 | | |
| | Технология (труд, черчение и дизайн) | | 1 | 1 | | |
| **Государственный компонент** | | **28** | **28** | **28** | **25** | **25** |
| **Трудовая практика (в днях)** | | **7** | **10** | | **14** | |

### Сырттан окутуучу топтук консультациялар үчүн 2026-2027-окуу жылынын окуу планы (кыргыз тилинде окутуучу)

| Билим берүү чөйрөсү | Окуу предмети | Жумасына сааттын саны | | | | Жылына зачеттун саны | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 8 | 9 | 10 | 11 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Филологиялык | Кыргыз тили | 2 | 2 | 2 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Орус тили | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| | Чет тили | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргыз адабияты | 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Орус адабияты | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| Социалдык | Тарых | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Адам жана коом | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | Диндердин өнүгүү тарыхы | 1 | 1 | | | 1 | 1 | | |
| Математикалык | Алгебра. Геометрия | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Табигый-илимий | Биология | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | География | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Физика. Астрономия | 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Химия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Искусство жана технология | Информатика | 2 | 1 | | | 2 | 1 | | |
| | Технология (эмгек, чийме жана дизайн) | 1 | | | | 1 | | | |
| **Мамлекеттик компонент** | | **27** | **27** | **25** | **26** | **27** | **27** | **25** | **25** |
| **Эмгек практикасы (күндөр менен)** | | **10** | | **14** | | **10** | | **14** | |

### Учебный план на 2026-2027 учебный год для групповых консультаций по заочной форме обучения (с русским языком обучения)

| Образовательная область | Учебный предмет | Количество часов в неделю | | | | Количество зачетов за год | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 8 | 9 | 10 | 11 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Филологическая | Кыргызский язык | 2 | 3 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Русский язык | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Иностранный язык | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргызская литература | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| | Русская литература | 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Социальная | История | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Человек и общество | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | История развития религий | 1 | 1 | | | 1 | 1 | | |
| Математическая | Алгебра. Геометрия | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Естественно-научная | Биология | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | География | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Физика. Астрономия | 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Химия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Искусство и технология | Информатика | 2 | 1 | | | 2 | 1 | | |
| | Технология (труд, черчение и дизайн) | 1 | | | | 1 | | | |
| **Государственный компонент** | | **28** | **27** | **25** | **25** | **28** | **26** | **25** | **25** |
| **Трудовая практика (в днях)** | | **10** | | **14** | | **10** | | **14** | |

***Эскертүү:***

1. Сырттан окуган окуучулардын саны 16 жана андан ашык болсо, топторго төмөнкү сабактар боюнча жекече консультацияларды өткөрүү үчүн кошумча убакыт бөлүнөт: Кыргыз тили жана адабияты, Математика, Физика жана Химия предметтерине жумасына 0,5 саат.

2. Сырттан окутуу формасынын 8-9 класстарына жашы жеткен окуучулар кабыл алынат.

***Примечание:***

1. В группах заочников с количеством 16 и более учащихся отводится дополнительное время для проведения индивидуальных консультаций по следующим предметам: Русский язык и литература, Математика, Физика и Химия по 0,5 часа в неделю на каждый предмет;

2. В 8-9 классы с заочной формой обучения принимаются только совершеннолетние.

Окуу пландарга тиркеме

### 2026-2027-окуу жылына күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формасындагы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн

# ОКУУ ПЛАНДАРЫНА ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылынын 14-мартындагы №131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин (мындан ары – Министрлиги) 2026-жылдын 9-июлундагы №969/1 жана 10-июлундагы №973/1 буйруктары менен бекитилген 2026-2027-окуу жылына карата жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу пландарынын негизинде күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формасындагы жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2026-2027-окуу жылына окуу пландары иштелип чыккан.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формасындагы жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы билим деңгээлин аяктабаган эрезеге жете элек окуучуларды окутуу төмөнкү документтеринин негизинде: туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, мурдагы жалпы билим берүү уюмунан берилген билиминин так көлөмү жөнүндө маалымат каты, жашаган жеринен маалымат кат, балдардын иштери боюнча комиссиясы тарабынан чыгарылган кечки/сырттан окуу формасы боюнча окутууну улантуу жөнүндө чечими бар учурда жүргүзүлөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формаларында окуткан жалпы билим берүү уюмдарында Министрлик сунуштаган негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү деңгээлдеринин билим берүү программалары жана окуу-усулдук комплектери колдонулат.

Сырттан окутуу формасындагы класстар (топтор) жалпы билим берүүчү мектептердин администрациясы тарабынан аныкталган сессия режиминде окутулат.

Жоопкерчиликтүү жарандын адеп-ахлактык сапаттарын тарбиялоо, окуу-тарбиялоо процесси менен практикалык ишкердиктин байланышын чыңдоо, өзүнүн жалпы билим берүүчү мектеби үчүн жоопкерчиликтүү сезимин калыптандыруу, ошондой эле кесиптик ишке болгон кызыгууну өнүктүрүү максатында 7, 8 жана 10-класстардын окуучулары үчүн эмгек практикасы киргизилет.

Эмгек практикасы 7, 8-класстарда 1 күндө 2 академиялык сааттан, 10-класста – 1 күндө 3 академиялык сааттан (7-класстарда - окуу жылында 7 күн, 8-класста - окуу жылында 10 күн, 10-класста - окуу жылында 14 күн) өткөрүлөт. Эмгек практикасында аткарылуучу жумуштардын тизмеси жана аны өткөрүү мөөнөттөрү аймактык (жергиликтүү) шарттарга жараша жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан аныкталат. Окуучулардын эмгек практикасы Министрлик сунуштаган нускамага ылайык жүргүзүлөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдарында 2026-2027-окуу жылы 2026-жылдын 15-сентябрынан башталат жана 2027-жылдын 25-майында аяктайт.

Жайкы каникулдар убакыттарын эсепке албаганда окуу жылынын узактыгы 7, 8, 10-класстарда - 34 жуманы жана 9, 11-класстарда мамлекеттик сынактарды тапшыруу убактысы менен 36 жуманы түзөт. Сабактын узактыгы 45 минутаны түзөт.

**2026-2027-окуу жылындагы каникулдардын графиги төмөнкүдөй:**

– күзгү – 5 календардык күн (2026-жылдын 11–15-ноябры, сабактар 2026-жылдын 16-ноябрынан улантылат);

– кышкы – 10 календардык күн (2027-жылдын 1–10-январында, сабактар 2027-жылдын 11-январынан улантылат);

– жазгы – 6 календардык күн (2027-жылдын 3–8-мартында, сабактар 2027-жылдын 9-мартынан улантылат);

– майдагы (майрамдык) – 9 календардык күн (2027-жылдын 1–9-майында, сабактарга 2027-жылдын 10-майында кайтышат).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формаларында окуткан жалпы билим берүү уюмдарында окуу процесси 5 күндүк иш жумасында жүргүзүлөт.

Ал эми 1-сентябрдан 15-сентябрына чейин өтүлүүчү окуу темалары окуу жылынын ар бир айында бир гана жолу (ишенбиде) өтүлүшү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 26-июнундагы №439 токтомунун негизинде билим берүүнү башкаруучу тийиштүү аймактык органы тарабынан бекитилген жүгүртмөгө ылайык сунушталат.

Министрликтин 2024-жылдын 27-ноябрындагы №1728/1 буйругу менен бекитилген тизмеге кирген күндүзгү-сырттан (кечки жана нөөмөттүк) жана сырттан окутуучу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдары республикалык бюджеттен каржыланат.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу формаларындагы жалпы билим берүү уюмдарынын 2026-2027-окуу жылына карата даярдалган окуу пландары жайгашкан жери боюнча Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү департаменти, Ош шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгы жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү тарабынан макулдашылат.

Приложение к учебным планам

# ПОЯСНИТЕЛЬНАЯ ЗАПИСКА К УЧЕБНЫМ ПЛАНАМ

### общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения на 2026-2027 учебный год

В соответствии с Государственным образовательным стандартом общего образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 14 марта 2025 года №131, и на основе базисных учебных планов общеобразовательных организаций, утвержденных приказами Министерства просвещения Кыргызской Республики (далее – Министерство) от 9 июля 2026 года №969/1 и от 10 июля 2026 года №973/1, разработаны учебные планы на 2026-2027 учебный год для общеобразовательных организаций с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения.

Обучение в общеобразовательных организациях с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения для несовершеннолетних, не завершивших уровень основного общего образования, реализуется при наличии следующих документов: свидетельства о рождении, справки от предыдущей общеобразовательной организации о фактическом объеме образования, справки с места жительства, обязательного решения комиссии по делам детей с рекомендацией о продолжении обучения по очно-заочной (вечерней) и заочной формам обучения.

В общеобразовательных организациях с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения используются рекомендованные Министерством общеобразовательные программы и учебно-методические комплексы основного общего и среднего общего образования.

Классы (группы) с заочной формой обучения занимаются в сессионном режиме, определяемом общеобразовательной организацией.

В целях воспитания нравственных качеств ответственного гражданина, бережного отношения к окружающей природе, укрепления связи учебно-воспитательного процесса с практической деятельностью, формирования трудовых навыков, а также развития интереса к профессиональной деятельности вводится трудовая практика для обучающихся 7, 8 и 10 классов.

Трудовая практика проводится в 7, 8 классах по 2 академических часа в день, в 10 классе – по 3 академических часа в день (в 7 классе – 7 дней в учебном году, в 8 классе – 10 дней в учебном году, в 10 классе – 14 дней в учебном году). Перечень работ по трудовой практике и сроки её прохождения определяются педагогическим советом общеобразовательной организации, исходя из региональных (местных) условий. Трудовая практика обучающихся проводится в соответствии с инструкцией, рекомендуемой Министерством.

2026-2027 учебный год в общеобразовательных организациях с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения начинается с 15 сентября 2026 года и завершается 25 мая 2027 года. Продолжительность учебного года без учета каникулярного времени составляет: в 7, 8, 10 классах – 34 недели, в 9 и 11 классах с учетом экзаменационного периода – до 36 недель, а продолжительность урока составляет 45 минут.

**График школьных каникул в 2026-2027 учебном году следующий:**

– осенние – 5 календарных дней (с 11 по 15 ноября 2026 г., к занятиям приступают 16 ноября 2026 г.);

– зимние – 10 календарных дней (с 1 по 10 января 2027 г., к занятиям приступают 11 января 2027 г.);

– весенние – 6 календарных дней (с 3 по 8 марта 2027 г., к занятиям приступают 9 марта 2027 г.);

– майские (праздничные) – 9 календарных дней (с 1 по 9 мая 2027 года, к занятиям приступают 10 мая 2027 года).

Учебный процесс в общеобразовательных организациях с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения осуществляется по 5-дневной рабочей неделе.

Образовательные темы, прохождение которых определены с 1 по 15 сентября 2026 года, рекомендуется выполнять один раз в каждом месяце учебного года (в субботу) согласно расписанию, утвержденному соответствующим территориальным органом управления образования на основании постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 28 июня 2026 года №439.

Финансирование из республиканского бюджета осуществляется для тех общеобразовательных организаций с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения, список которых утвержден приказом Министерства от 27 ноября 2024 года №1728/1.

Учебные планы на 2026-2027 учебный год общеобразовательных организациях с очно-заочной (вечерней) и заочной формами обучения проходят согласование по месту расположения в Департаменте образования при мэрии города Бишкек, Управления образования при мэрии города Ош и в районных/городских отделах образования.

2-тиркеме
Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 28-июлундагы №1060/1 буйругу менен бекитилди

### 2026-2027-окуу жылына карата күндүзгү-сырттан (кечки) окутуу формасындагы жалпы билим берүү уюмдары боюнча маалымат

| № | Жалпы билим берүү уюмунун аталышы, жайгашкан жери | Класстардагы окуучулардын саны | | | | | Жалпы мугалимдердин саны | Мугалимдер боюнча вакансия |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 7-класс | 8-класс | 9-класс | 10-класс | 11-класс | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 1. | | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | | |
| 3. | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | Жыйынтыгы: | | | | | | | |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

## 2024-2025-жылына карата күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларында окуу процессин жүргүзүүчү жалпы билим берүү уюмдарынын тизмесин бекитүү жөнүндө

## БУЙРУГУ

**№1728/1, 27.11.2024**

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине ылайык билим алуучунун жекече керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен билим берүү кызматтарын көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" № 304 токтомун ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

**1.** 2024-2025-жылына карата республикалык бюджеттен каржылануучу күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларында окуу процессин жүргүзүүчү жалпы билим берүү уюмдарынын тизмеси 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгы (А.К. Баймуратова) ушул буйруктун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын (класстарынын) каржылоосун бюджеттик айлык акы фондунан караштырсын.

**3.** Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгынын башчысы Б.С.Козуевге жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары**
**Н.С. ДЖУСУПБЕКОВА**

**1-тиркеме**
**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 27-ноябрындагы №1728/1 буйругу менен бекитилди**

### 2024-2025-жылына карата республикалык бюджеттен каржылануучу күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуучу жалпы билим берүү уюмдарынын тизмеси

| № | Облустун аталышы | Район/шаардын аталышы | Жалпы билим берүү уюмунун аталышы |
|---|---|---|---|
| 1 | Чүй облусу | Жайыл району | Кара-Балта шаарындагы сырттан окуу мектеби |
| 2 | Чүй облусу | Москва району | Москва райондук сырттан окуу мектеби |
| 3 | Чүй облусу | Аламүдүн району | Аламүдүн районунун сырттан окуу жалпы билим берүү орто мектеби |
| 4 | Чүй облусу | Аламүдүн району | И.Таранчиев атындагы Беш-Күнгөй орто жалпы билим берүү мектебинин сырттан окуу класстары |
| 5 | Чүй облусу | Ысык-Ата району | Ысык-Ата районунун Канттагы № 5 кесиптик даярдоо жалпы билим берүү орто мектебинин сырттан окуу класстары |
| 6 | Чүй облусу | Сокулук району | Сокулук райондук кечки-сырттан окуу жалпы билим берүү мектеби |
| 7 | Чүй облусу | Токмок шаары | №11 мектеп-лицейинин сырттан окуу класстары |
| 8 | Чүй облусу | Панфилов району | Панфилов райондук сырттан окуу мектеби |
| 9 | Ош облусу | Кара-Суу району | Кара-Суу райондук сырттан окуу мектеби |
| 10 | Ош облусу | Өзгөн району | Өзгөн райондук сырттан окуу мектеби |
| 11 | Ош облусу | Ноокат району | Ноокат райондук сырттан окуу мектеби |
| 12 | Ош шаары | Ош шаары | Ош шаарындагы №53 орто мектебинин күндүзгү- сырттан (кечки) окуу класстары |
| 13 | Ош шаары | Ош шаары | Ош шаарындагы №43 З.М.Бабур атындагы орто мектебинин күндүзгү-сырттан (кечки) окуу класстары |
| 14 | Жалал-Абад облусу | Көк-Жаңгак шаары | Көк-Жаңгак шаарындагы жалпы билим берүү сырттан окуу орто мектеби |
| 15 | Баткен облусу | Кадамжай району | Кадамжай райондук А.Анаркулов атындагы сырттан орто жалпы билим берүүчү мектеби |
| 16 | Нарын облусу | Ат-Башы району | А.Жаналы уулу атындагы орто мектебинин сырттан окуу класстары |
| 17 | Нарын облусу | Кочкор району | Т.Темирова атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин сырттан окуу класстары |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИНИН

## Сырттан окуу жалпы билим берүү уюмдарын оптималдаштыруу жөнүндө

## БУЙРУГУ

**№857/1, 22.07.2025**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы №136 "Тунгуч онлайн-мектеби" пилоттук долбоору жөнүндө" токтомун аткаруу максатында, бардык жарандар, анын ичинде географиялык жактан алыс жайгашкан, ден соолугунун абалынан, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнөн же башка чектөөлөрдөн улам билим берүү уюмдарына баруу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, ошондой эле окутуунун санариптик технологияларын жана инновациялык методдорун киргизүү аркылуу билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** 2025-2026-окуу жылынан тартып төмөнкү билим берүү уюмдарындагы сырттан окуу формалары боюнча окуучуларды кабыл алуу токтотулсун:

- Кара-Балта шаарындагы жалпы билим берүүчү кечки-сырттан окуу орто мектеби;
- Москва райондук сырттан окуу жалпы билим берүү орто мектеби;
- Панфилов кечки-сырттан окуу мектеби;
- Сокулук райондук жалпы билим берүүчү кечки-сырттан окуу мектеби;
- Аламүдүн районунун сырттан жана кечки окуу жалпы билим берүү орто мектеби;
- Кара-Суу райондук жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби;
- Ноокат райондук жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби;
- Өзгөн райондук сырттан окуу мектеби;
- Көк-Жаңгак шаарындагы жалпы билим берүү сырттан окуу мектеби.

**2.** Райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

- ушул буйрукту тиешелүү билим берүү уюмдарына өз убагында жеткиришсин;
- "Тунгуч онлайн-мектеби" тууралуу мугалимдерге, окуучуларга жана ата-энелерге маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн;
- оптималдаштыруунун натыйжасында бошогон кызматкерлерди ишке орноштуруу боюнча тиешелүү чараларды көрүшсүн;
- ушул буйруктан келип чыгуучу башка уюштуруучулук маселелерди чечишсин;
- бул буйруктун аткарылышы боюнча жеке жоопкерчилик жүктөлсүн;
- аткарылган иштер боюнча маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине 2025-жылдын 20-августуна чейин тапшырышсын.

**3.** Бул буйруктун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору:

- учурда билим алып жаткан окуучулар үчүн окуу процессин тиешелүү талаптарга ылайык уюштурушсун;
- окуучулар, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр), мугалимдер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

**4.** "Тунгуч онлайн-мектебинин" директору:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы №136 "Тунгуч онлайн-мектеби" пилоттук долбоору жөнүндө" токтомун ишке ашырууну камсыздасын;
- бул буйруктун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору менен биргеликте жаңы 2025-2026-окуу жылына кабыл алынуучу окуучуларга жана алардын ата-энелерине түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, окуу процессинин шарттары, онлайн билим берүү мүмкүнчүлүктөрү жана ата-энелердин ролу тууралуу маалыматтык- түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

**5.** Бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгы (А.К.Баймуратова) жалпы билим берүү уюмдарындагы сырттан окуу формаларынын уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруунун натыйжасында бошогон каражаттарды "Тунгуч онлайн-мектебинин" педагогикалык, административдик-чарбалык жана окуу-көмөкчү кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө багыттасын.

**6** Мектептик, мектептен тышкаркы жана кошумча биилим берүү башкармалыгы (А.С.Кусеинова) бул буйруктун аткарылышы боюнча маалыматты жетекчиликке 2025-жылдын 20-августуна чейин берсин.

**7.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Н.С.Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министрдин**
**биринчи орун басары**
**М.А. БАЙМУРЗАЕВ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИНИН

## «Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 22-июлундагы «Сырттан окуу жалпы билим берүү уюмдарын оптималдаштыруу жөнүндө» №857/1 буйругуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө»

## БУЙРУГУ

**№1169/1, 26.09.2025**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы №136 "Тунгуч онлайн-мектеби" пилоттук долбоору жөнүндө" токтомун аткаруу максатында, бардык жарандар, анын ичинде географиялык жактан алыс жайгашкан, ден соолугунун абалынан, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнөн же башка чектөөлөрдөн улам билим берүү уюмдарына баруу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, ошондой эле окутуунун санариптик технологияларын жана инновациялык методдорун киргизүү аркылуу билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 22-июлундагы «Сырттан окуу жалпы билим берүү уюмдарын оптималдаштыруу жөнүндө» №857/1 буйругунун 1-пунктундагы "Көк-Жаңгак шаарындагы жалпы билим берүү сырттан окуу мектеби" сөздөрүнөн кийин төмөнкүдөй сөздөр менен толуктагсын:

- Нарын облусунун Ат-Башы районунун А. Жаналы уулу атындагы орто мектебинин сырттан окуу класстары;
- Нарын облусунун Кочор районунун А.Темирова атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин сырттан окуу класстары;
- Баткен облусунун Кадамжай районунун А. Анаркулов атындагы сырттан окуу орто жалпы билим берүүчү мектеби;
- Ош шаарындагы № 53 орто мектебинин күндүзгү-сырттан окуу класстары;
- Чүй облусундагы Аламүдүн районунун И.Таранчиев атындагы Беш-Күнгөй орто жалпы билим берүү мектебинин сырттан окуу класстары.

**2.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Н.С.Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министрдин биринчи орун басары**
**М.А.БАЙМУРЗАЕВ**